**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯСЫ**

**ВЫСШАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ КЫРЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

6-октябрь 2020-ж. № 24

Бишкек ш.

**Кыргыз мамлекеттик юридикалык университети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясына караштуу Д 12.19.592 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын ЖАКынын 2019-жылдын 8-апрелиндеги №20 буйругуна айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы № 425 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы жөнүндө жобонун (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 578, 2013-жылдын 22-апрелиндеги № 213, 2014-жылдын 29-январындагы № 59, 2014-жылдын 30-июлундагы № 425, 2017-жылдын 28-февралындагы № 125, 2020-жылдын 9-мартындагы №137 токтомдорунун редакцияларына ылайык) 14.3 пунктун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №578 токтому менен *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-июлундагы № 425, 2015-жылдын 30-июлундагы № 542, 2017-жылдын 28-февралындагы № 125, 2020-жылдын 9-мартындагы №137 токтомдорунун редакцияларына ылайык)* бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2020-жылдын 1-октябрындагы № 075 токтомунун (№6д/с-4/9 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Кыргыз мамлекеттик юридикалык университети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясына караштуу Д 12.19.592 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын ЖАКынын 2019-жылдын 8-апрелиндеги №20 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Кыргыз мамлекеттик юридикалык университети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясына караштуу Д 12.19.592 диссертациялык кеңешинин курамынан юридика илимдеринин кандидаты, доцент Мусабаева Надира Абдурафиковна жазган арызына байланыштуу чыгарылсын жана окумуштуулук катчылыгынан бошотулсун.

2. Кыргыз мамлекеттик юридикалык университети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясына караштуу Д 12.19.592 диссертациялык кеңешинин курамына юридика илимдеринин кандидаты Анаркулова Эльвира Сүйөркуловна 12.00.14 – административдик укук, финансы укугу, маалымат укугу адистиги боюнча (авторефераты боюнча) юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

диссертацияларды карoo укугу менен киргизилсин жана окумуштуу катчы болуп дайындалсын.

3. Буйрукту аткарууну көзөмөлдөө төрайымдын орун басары Насбекова Саткынай Калыбековнага жана коомдук жана гуманитардык илимдерди аттестациялоо бөлүмүнө жүктөлсүн.

Төрайым Б. К. Тыналиева

Виза

Төрайымдын орун басары С. К. Насбекова